## СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКИЕ И ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ

УДК 7.03

# ТАГАР ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗ КӨРКӨМ ӨНӨРҮНДӨГҮ «АЙБАНАТТАР СТИЛИ» ЖАНА СИБИРЬ-СКИФ СТИЛИНЕН АЙЫРМАЧЫЛЫГЫ

***Абдыбаев Курманбай Ырыскадырович,*** *"Гуманитардык жана табыгый илимдер" минбарынын доцентинин м.а., И.Раззаков атындагы КМТУнун А.Х.Рахматулин атындагы Токмоктогу филиалы, Кыргызстан, Токмок шаары.*
***Суйналиева Гульжан Мырзабековна,*** *доцентин м.а, И.Раззаков атындагы КМТУнун А.Х.Рахматулин атындагы Токмоктогу филиалы, Кыргызстан, Токмок шаары,*
*e-mail: gulzhan789s@mail.ru*

**Аннотация.** Макалада Тагар маданий доорундагы(VII – I б.з.ч.кк.) Энесай кыргыздарынын көркөм өнөрүндөгү "айбанаттар стили"тууралуу сөз козголот. Жалпы өнүккөн сибирь-скиф стилинен тагарлыктардын айырмачылыгы сүрөттөлөт. Башка элдердин материалдык эстеликтери менен салыштырылат. Кыргыз көркөм өнөрүнүн "айбанаттар стилинин"өнүгүшүнө тийгизген таасири жөнүндө баяндалат.

**Түйүндүү сөздөр**: Айбанаттар стили, сибирь-скиф стили, көркөм өнөр, тагар жана карасук маданияты, пазырык фазасы

# "ANIMAL STYLE" IN THE KYRGYZ ART DURING AN ERA OF TAGARSKY CULTURE AND DISTINCTION FROM SIBERIAN-SCYTHIAN STYLE


***Abdybayev Kurmanbay Yryskadyrovich****, the acting as the associate professor "Natural and the humanities", KSTU of I. Razzakov of branch of a name of the academician H.A.Rakhmatulin in the city of Tokmok, Kyrgyzstan, the city of Tokmok*
***Suynaliyeva Gulzhan Myrzabekovna****, the Kyrgyz state technical university of I. Razzakov, branch of a name of the academician H.A.Rakhmatulin to Tokmok, the Kyrgyz republic, Tokmok. e-mail: gulzhan789s@mail.ru*

**Absract:** The article describes the visual art of the Yenisei Kyrgyz, in particular, animal style belonging to the Tagar culture. There is a comparison of the material monuments of other peoples. Also we are talking about the Tagar art and distinction of the developed Siberian-Scythian style. It discusses the impact og the Kyrgyz art in the development of the animal style.

**Keywords:** Animal style, Siberian-Scythian style, Art, Tagar and Karasuk culture, Pazyryk's stage.

Бизге белгилүү болгон байыркы кыргыз сүрөт өнөрүнүн өнүгүү жолу Энесайдын жээктериндеги аскалардагы, кийинчерээк металл бетиндеги сүрөттөрдөн эң ачык көрүнүп турат.Ал сүрөттөрдөн байыркы сүрөтчүлөрдүн жаратылышты жана адамдын жашоо-турмушун өз колунда болгон графикалык каражаттар менен чындыктагыдай берүүгө умтулганы ачык байкалат. Аска таштардагы сүрөттөр менен таштан жасалган байыркы бедиздер да бири-бирине шайкеш келет. Бул бедиздерден сүрөтчү таш мамыга сүрөт чегип түшүрүүдөн, граниттен жумуру бедизди жасоого умтулганын байкайбыз.

Кичи бедиздин эң сонун гүлдөп өсүшүн колодон жасалган өтө кооз буюмдардан көрүнөт, алар демейде тотемдердин сүрөттөрү, б.а. өз уруусунун түпкү бабасы деп эсептелген жаныбардын миниатюралык фигураларынан турат. Алар бугулардын, текелердин, аюулардын, барстардын ж.б.у.с, негизинен жапайы айбанаттардын бедиздери. Ушул сыяктуу сүрөттөлүштөрдүн гүлдөп- өнүгүшү б.з.ч. VII—I кылымдарга таандык жана буга тийиштүү маданий комплекстер археологдор тарабынан тагар маданияты деп аталат.



Тагар доору. Айбанаттар стилинде тартылган аска сүрөтөрү жана буюмдар, куралдар.

Коло эритип куюу өндүрүшүнүн өнүгүшү бул этаптын маданиятынын айдан ачык көрүнүшү болуп саналат. Колодон жасалган буюмдардын көпчүлүгү жана эмгек куралдары менен кооздук жасалгалардын формаларынын көп түрдүүлүгү б.з.ч. VII—I кылымдарга таандык.

Тагар доорунун үчүнчү этабында эле колону темирдин сүрүп чыгара баштаганы байкалат. Алсак, мисалы, сабы темир коло канжарлар табылган.

Коло эритип куюу иши айбанаттардын сүрөттөрүн, канжарлардын, ай балталардын саптарын, жалпы эле жоо-жарактарды, ошондой эле, кийимдердин айрым бөлүктөрүн (оймо-чиймелүү күбөктөр, курдун тогоолору жана д.у.с.) кооздоп, жасалгалоо өнөрү менен тыгыз байланышта болгон.

Айбанаттар стили – байыркы доорлордогу адамдарга таандык искусстводогу кеңири тараган стилдик шарттуу аталыш. Ал өзгөчө скиф – сармат доорлорунда кеңири тараган көркөм өнөр (искусство). Анын айрым элементтерин Энесай кыргыздарынын доорундагы эстеликтерден кездештирүүгө болот.

Өзгөчөлөнгөн белгиси катары айбанаттардын кээ бир дене мүчөлөрүнүн, аны менен бир нече айбандын татаал композициясын сүрөт менен элестүү чагылдыруу болгон. Айбанат стили жапайы жаныбарлардын турпатын өзгөчө ыкмалардын жардамы менен мүнөздөп чагылдырган жана миңөзөндүктөрдүн маданиятын скиф маданияты менен тыгыз байланыштырып турат.



Тоо текенин бедизчеси. б.з.ч.V—III кк. Эрмитаж. Санкт-Петербург.

Бул байланыш Тагар доорунун экинчи жана үчүнчү этаптарындагы эстеликтерден ачык байкалат. Чынында, ушул мезгилде (б.з.ч. V—I к.) Энесай менен канатташ аймактарда, Алтайда жана андан ары батыш тараптагы адепки көчмөндөрдүн калыптанып калган, «айбанат стилиндеги» өз маданияты болгон. Миңөзөндүктөргө өзүлөрү менен коңшу жашаган кубаттуу уруулар союзунун, жок эле дегенде, маданият жагынан таасири тийген эмес деп айтууга болбостур. Ал гана эмес, тескерисинче, карасук мезгилинде эле айбанаттардын сүрөттөрү пайда боло баштаган, скиф маданиятына миңөзөндүктөрдүн олуттуу таасири тийген деп белгилесе да болчудай. Айбанаттар стили айбандардын тулку-боюн, түспөлүн толук көрсөтүүнүн ордуна, алардын татаалдашкан символун элестүү берүү менен чектелген. Кээ бир жаныбардын көрүнүшүнөн экинчи бир жаныбардын элеси пайда болуп сүрөттөлгөнүн байкоого болот. Айбанаттар стилинде

жасалган чыгармаларда сыңар туяктуу жаныбарлар эле эмес, жырткычтар да көпчүлүк учурларда толук тулку бою менен берилген, ал эми куштардын башын гана өзүнчө сүрөттөө - элемент катары сүрөттөлгөн. Эрте тагар доорунда карасук искусствосунан мүйүз менен кулакты бөлүп чагылдыруу ыгын алып калышкан. Тагар искусствосу жаныбарларды таасын чагылдырганы жана композициялык түзүлүшү жагынан жогорку деңгээли менен айырмаланып турат. Эрте тагар доорундагы көркөм образдар жөнөкөй жана монументалдуу, ал эми өнүккөн мезгилинде динамизмдүү, экспрессиялуу.

Ичи көңдөй куюлган, татаал ыкмалар менен куюлган көркөм буюмдар пайда боло баштайт. Кыязы кайталап жасалбай, бир эле жолу момдон модели жасалса керек, ал эми негизги сүрөттөлүштөр карышкыр менен грифондон башка жаныбарлардын сюжеттерин түзөт. Ал сүрөттөлүштөрдө: тоо теке, каман, элик, жылкы, кулан, багыш, айбанаттардын башы, мышык сымал жырткычтар жана куштар бар. Ар бир сүрөттөлүш өзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат.

Жогоруда белгилегендей, алар буюмдун жергиликтүү формасын бир жаныбар менен экинчи бир айбанаттын сырт көрүнүштөрү аркылуу айкалыштырып кооздоп, шөкөттөп турат. Жергиликтүү архаикалык чыгармалардын стилдик өзгөчөлүгүнүн бири, формаларды геометризациялап белгилөө.Жалпак сүрөттөлүштөрдө, башында мүйүз, кулак, бут бирге сүрөттөлүп, кулак жагы көрүнбөй калган, бирок башы менен тулку – бою деталдаштырылып көрсөтүлгөн, жасалышы схемалаштырылып, шарттуу түрдө чагылдырылган.



Бугу алтын тогоо.
б.з.ч. VIылым
Санкт-Петербург Эрмитаж.

Көлөмдүү монолит жана көңдөй бедиздер (скульптуралар) жогорку деңгээлде жасалган. Сыңар туяктуу жаныбарлардын тобунун сүрөттөрү бычактардын, канжарлардын сабына баш менен тулку – бою көлөмдүү; ал эми буту бычактын жалпак миздүү бетине рельефтүү аралаш ыкмада (техникада) жасалган. Мына ушинтип, эрте тагар искусствосундагы стилдик ыкмалар менен бир же бир нече жаныбарлардын түрү менен байланышкан, бардык эле айбанаттардын сүрөттөлүштөрүн пайдалана беришкен эмес. Ал эми сүрөттөлүштөгү шарттуулук ошол мезгилдеги коло куюу өндүрүшүнүн техникалык мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу болгону белгилүү. Кийинчерээктеги сүрөттөлүштөрдө назик, кылдат стилизациялоо, монументалдуулук жана реалистик мүнөз, образдуулук жоголуп, башкача айтканда, кийинки мезгилде акырындап искусстводогу стиль өз мүнөзүн өзгөрткөн. Убакыттын өтүшү менен стилдердин жана мотивдердин өсүшүнөн, буюмдардагы сүрөттөлүштөрдү шарттуу түргө өтүүгө алып келген, мүйүздү, кулакты жана өзүнчө сүрөттөө салтынан (традициясынан) баш тартылып, кооздоочу шөкөт жана буюмдун өлчөмү кичирейген, торчолоо жана шөкөттөө (декоративдик) элементтери менен жаңыланган.

Өнүккөн скиф - сибирь айбанаттар стилинин принциптеринин негизинде б.э.ч. V-кылымда Миңөзөн өрөөнүндө искусство багытында жаңы багыт пайда болгон. Ал тагар искусствосу менен удаалаш б.э.ч.V-III- кылымдарга чейин эрте тагар мезгилиндеги салттарды улап жашап келген. Бул искусство багытында Миңөзөн өрөөнүндө жок жаныбарлар тууралуу сюжеттер жана бөлөк жаныбарлардын сүрөттөлүштөрү жаралган. Курдун тогоосундагы бугунун тулку – бою, бычактагы карышкырдын башынын жана кылычтагы бөрүнүн тулку–боюнун сүрөттөлүшү, койдун, бөкөндүн, жолборстун жана грифондун сүрөттөлүштөрү чагылдырылган. Көпчүлүгү рельеф ыкмасында (техникасында) жасалган, көлөмдүү ыкма азыраак жолугат. Мындай чыгармалар Н.Л.Членова тарабынан бир

топко бөлүнүп «алтай стили» деп аталып калган. Топтолгон бул топтун негизин Тоолуу Алтайдагы көрүстөндөрдөн табылган көптөгөн табылгалар түзөт. Бул мезгилдеги искусствонунун стилдик ыкмаларын бир нече бөлүккө бөлсө болот, мисалы, S-сымал түрдөгү сүрөттөлгөн куштун башы, грифондун же көзү менен кулагы бириктирилген; спираль түрүндө сүрөттөлгөн жолборстун жана грифондун кулагы; үзүлбөгөн рельефдүү контурланган чекит сыяктуу тостогой сүрөттөлгөн сыңар туяктуу жаныбардын көзү; ичине кирген шуштугуй узун кулак; S-сыяктуу комбинациядан түзүлгөн бугунун мүйүзүнүн фигурасы, бугунун алдыңкы бутунунан түзүлгөн туюк сүрөтөлүштөр. Кээ бир учурларда өсүмдүк мотивиндеги бутак сымал оюулар жолугат.

Булардын ичинен буттары бүгүлгөн бугунун сүрөтү түшүрүлгөн курдун тогоолору эң көп табылган, бул табылгалардан жалпы скифдик стилистикалык мүнөздөгү миңөзөндүк өзгөчөлүк байкалат. Бул чыгармалар көпчүлүк региондордо өсүүнүн жогорку этабында, ошондой эле айбанаттар стилинин көркөм принциптеринин жаркын чагылдырылган классикалык учурунда жаралганын айгинелейт. Ал этап «пазырык фазасы» деп аталат. Искусстводогу скиф-сибирь айбанаттар стилиндеги жалпылык мүнөздөгү жакындыктар Монголиядан Венгрияга чейинки зор аймакка тараган. Тагар искусствосунда негизинен жалгыз жаныбардын сүрөттөлүшү көрсөтүлгөн. Бул искусствого скиф дүйнөсүндөгү көп орун алган жырткычтардын кармашын сүрөттөгөн сценалар мүнөздүү эмес. Жалгыз гана Алтайда, Тывада жана Ордосто жайылган жолборстун тоо кийиктин башын тиштеп турган сценасын айтсак болот. Фантастикалык макулуктардын сүрөттөлүштөрү (грифондун башынан башкасы) жок, бөлөк жактан кабыл алынган образдар чектелген, андай сүрөттөлүштөр аз санда.

Тагар көркөм образдарынын башкы өзгөчөлүгү - монументалдуулугу жана жөнөкөйлүгү менен айырмаланган, кийинчерээк татаалдашкан жана бир катар декоративдик элементтер менен байыган. Тагар искусствосунда ордос көркөм колосуна таандык чар жайыттык жок, буюмдун бетин ар кандай жаныбарлардын тулку-бою, башы менен толтура бербейт, кошуна Тывадагыдай тулку–бойлор бир-бирине жалгашырылбаган. Көпчүлүк тагар сүрөттөлүштөрүнүн бети жылмакай. Ахамениддик Ирандан, пазырык искусствосундагы жана Петр I нин Сибирь коллекциясындагы жыйылган буюмдардагы булчуңдарды тегеректер, үтүрчөлөр жана «таканын жарымын» элестеткен сызыктар менен сүрөттөгөн стилистик ыкмалар жок. Айбанаттар стили жайылган искусство очокторунун ичинен тагар сүрөт өнөрүнө, байыркы Алдыңкы Чыгыш цивилизациясынын таасиринин, бөлөк элдерге караганда, серпиндиси гана тийген, бирок тагар уруулары кошуна жашаган көчмөндөрдүн синхрондуу маданияты менен байланышта болгондугун танууга болбойт.

Тагар маданияты кийинки муундарга - сүрөттүү сюжеттер менен кооздолгон материалдык маданият буюмдарынын серияларынан турган көптөгөн көркөм мурас калтырды. Бул көркөм буюмдардын катардагы эле тагарлыктардын көрүстөндөрүнөн табылышы, тагар коомунунда жашаган баардык катмарлар үчүн искусство, көркөм өнөр кызмат кылгандыгын, элдик традициялардын негизинде, усталардын, зергерлердин кенен айланасында көркөм чыгармалар жаралганын тастыктап турат. Мындай стилдин айрым үлгүлөрү Кыргызстандын Кетмен – Төбө өрөөнүндө да табылган.

**Колдонулган адабияттар**


1. Гладушевский А. Сокровища культуры Хакасии./ гл. ред. А.М. Тарунов. – М.1973
2. Завитухина М.П. Тагарское искусство на Енисее. - Л., 1983;
3. Евтюхова Л.А. Археологические памятники Енисейских кыргызов (хакасов), Абакан 1948.
4. Киселева С.В. "Древняя история Южной Сибири"", М.,1951.
5. Чебодаев П.И. История Хакасии (с древнейших времен до конца XIX века) Абакан: Хакасское книжное издательство, 1992.